Айдыңы арткан – “Алтынкен”

# «Алтынкен» компаниясынын максаты – калкты жумуш орду менен камсыз кылуу



Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, “Кыргыз Туусу”

**Компания - Кемин районунун экономикасынын стабилдүү өсүшүнө жана аймактардын өнүгүүсүнө айтаарлык салымын кошкон деп айтса болот.**

Анын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири социалдык багыт экенин, демек компанияда калктын аялуу катмарына камкордук көрүү биринчи планда экендигин баса белгилеп кетүү керек. Учурда мезгил талабына жараша жергиликтүү калкты жумуш орду менен камсыз кылууда айтаарлык иштер аткарылып жатканын билдик.

Мисалга алсак, Кемин районунун Орловка шаарында жайгашкан “Нурмэайса” балдар үйү бар. Ушул балдар үйүнө жакындан жардам берүү максатында 2015-жылы “Алтынкен” компаниясы атайын навайкананы ишке киргизип, компания нан сатып алат.

Навайканада 3-4 адам эмгектенип, атайын машине менен күн сайын компаниянын ашканасына даярдалган нанды жеткирип, жумасына Навайкана менен эсептешип турат.

“Талды-Булак сол жээк” «Алтынкен» компаниясынын тоо арасындагы өндүрүш ишканасынын бири. Ал жерге жумушчулар “Вахта” ыкмасы менен 15 күн жатаканада жатып иштешет. Талды -Булактагы азык-түлүк саткан дүкөндү Орловка шаарынын жаштары иштетишет. Компания атайын жардам болсун деп ижарасын акысыз кылган.

Дагы бир баса белгилеп кетүүчү жагдай Орловка шаарынын «Орловка Тазалык ишканасы» менен келишим негизинде таштанды полигонун пайдалануу үчүн келишим түзүлгөн. Бул дагы жергиликтүү ишкананы колдоо десек болот.

Ошол эле учурда Орловка шаарынын жаштары рудниктен концентратты темир жолго чейин ташып, металлолом калдыктарын тазалоодо жаштардын фирмасы кызмат көрсөтүп жатышкандыктарын айтпай кетүүгө болбойт.

Мындан сырткары, компаниянын курулуш же болбосо ремонт жасоодо орловкалык жаштар активдүү катышаарын билебиз.

«Алтынкен» компаниясынын негизги максаты – жергиликтүү калкка жакындан жардам берүү менен эле чектелбестен, аларды жумуш орду менен камсыз кылуу болуп саналат.

## Кемин районуна караштуу Орловка шаарынын мэри Бактыбек ЧАНЧАРОВ:



– “Жергиликтүү калктын социалдык-экономикалык жашоосу, ошол жерде жайгашкан ишкана-мекемелерге байланыштуу болот эмеспи. 2014-жылдан баштап, Орловка шаарында “Алтынкен” компаниясы иштеп баштады. Албетте, бир эле Орловка шаары эмес, жалпы Кемин районуна жакшы жардамдарын берип жатканы баарыбызды кубандырат. Ал эми шаардын элин, жаштарын колдоо, жумуш орду менен камсыз кылуу иштеринде айтарлык иштер жасалып жатат. Биздин шаардын инфраструктуралык иштерин, жолдорду салуу, оңдоо жумуштарында, социалдык жактан аялуу катмарына жардамдар байма-бай берилип келет.

Акыркы учурларда жаштарды жумуш менен камсыз кылуу иштери колго алынып, компания эл менен тыгыз иштеп жатканы коомчулукту кубандырат”.

## Орловка шаардык кеңешинин депутаты, «Алтынкен» компаниясынын кызматкери Нурлан ГАЛИЕВ:



– Мен «Алтынкен» компаниясында 12 жылдан бери иштейм. Ошол эле учурда Орловка шаардык кеңешинин депутатымын. Депутат катары айтаар элем, Орловка шаарынын жаштары «Алтынкен» компаниясы менен тыгыз иштешип келет. Жаштардын демилгесин колдоп, темирлерди, концентраттарды жеткирүүдө коштоп жүрүү иштерин жана компанияга керектүү жардамдарды берип келишет.

Чындыгында, компаниянын негизги максаты жергиликтүү калкты, өзгөчө жаштарды жумуш орду менен камсыз кылуу «Алтынкен» компаниясынын негизги приоритеттеринин бири десем жаңылышпайм. Себеби, майрамдарда жаштар үчүн спорттук мелдештерди уюштуруп келет. Ошол эле учурда ар кандай тагдырдын сыноосуна туш болгон калктын катмарларына жакындан жардам берип келишет. Мен ушул мүмкүнчүлүгүмдөн пайдаланып, «Алтынкен» компаниясынын жетекчилигине ыраазычылыгымды билдирип кетким келет.

## “Нурмэайса” балдар үйүнүн директору Гүлнара КИРИБАЕВА:



– «Алтынкен» компаниясы 2004-жылдан бери балдар үйүнө жардамдарын берип келет. 2015-жылы Канаданын делегациясы компаниянын жетекчилери менен биргеликте балдар үйүнө келишип, биздин навайканага кирип, наныбыздан даам татышкан. Жыйынтыгында, «Алтынкен» компаниясы чечим чыгарышып, компанияга биз бышырган нанды алыша турган болду. Биз күн сайын бышырылган нанды «Алтынкен» компаниясына жеткирип берип турабыз. Ар жума сайын, төлөмдөрүн мыйзамдуу түрдө которуу жолу менен берип турушат. Бүгүнкү күндө навайканада 3 адам эмгектенет. Албетте, компаниянын балдар үйүнө болгон жардамына өзгөчө ыраазычылык билдирип кетким келет. Себеби, ата-энеси жок балдарга мындай камкордук өтө керек. Ар бир майрамды кур койбой, компаниянын жетекчилиги баш болгон бардык жооптуу кызматкерлер келишип, өзгөчө көңүл бургандары бизди кубандырат.

## «Алтынкен» компаниясынын механиги Торкобек САРБАГЫШЕВ:



– Мен 11 жылдан бери Талды-Булак Сол жээкте механик болуп эмгектенем. Биз 15 күн иштеп, 15 күн эс алабыз. Негизи жумушчуларга бардык шарттар түзүлгөн. Жатаканабыз, үч маал ысык тамак, ж.б. Андан сырткары, жумушчуларга ыңгайлуу болуш үчүн азык-түлүк дүкөнүбүз дагы бар. Кардарлар каалаган учурунда тамеки, азык-түлүктөрүн алууга болот.



## «Алтынкен» компаниясынын шеф повары Кулмира ТУКОМБАЕВА:

2015-жылдан бери “Нурмэайса” балдар үйүнөн компаниянын кызматкерлерине нан алабыз. Нандары сапаттуу, өз убагында алып келишет.



“Нурмэайса” балдар үйүндөгү навайкана



«Алтынкендин» Талды-Булактагы дүкөнү